

**УДК:94 (575.2)**

*Носиров Ш.И., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*
*Мырзаканова С.Т., ОГПИнин окутуучусу, Кыргызстан*
*Имадинова Д.З., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*

*Носиров Ш.И., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*
*Мырзаканова С.Т., преподаватель ОГПИ, Кыргызстан*
*Имадинова Д.З., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*

# 1990-2010-жылдардагы Кыргызстандагы этносаясий конфликтер
# Этнополитические конфликты в Кыргызстане в 1990-2010-годы
# Ethno-political conflicts in Kyrgyzstan in 1990-2010

*Бул илимий макалада 1990 жана 2010-жылдардагы Кыргызстандагы этносаясий конфликтердин келип чыгышы жана кесепеттерине салыштырмалуу кыскача анализ берилет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *1990-жыл, 2010-жыл, Кыргызстан, этносаясат, конфликт, салыштырмалуу талдоо.*

*В статье дается краткий сравнительный анализ причин и последствий этнополитических конфликтов в Кыргызстане за период с 1990 по 2010 годы.*

***Ключевые слова:*** *1990 год, 2010 год, Кыргызстан, этнополитика, конфликт, сравнительный анализ.*

*This article comparatively analyzes the reasons and results of the ethnic political conflicts in Kyrgyzstan in 1990 and 2010.*

***Key words:*** *1990 year, 2010 year, Kyrgyz Republic, ethnopolitics, conflict, comparative analysis.*

XX кылымдын 80-жылдарынын орто ченинен баштап дүйнөдө биполярдык системанын кыйроо мезгили башталып, ал 90-жылга келгенде өзүнүн аскердик-саясий жашоосунун токтошу менен тарыхтын жаңы барактары ачылды.

XX кылымдын 20-жылдары «СССР» - деген ат менен белгилүү болгон «Улуу державанын» эл аралык саясий аренага келип, бирок, 90-жылдардын башында өзүнүн саясий жашоосун токтотушунун дагы бир негизги себеби бул СССРдин курамында жашаган улуттардын ортосундагы түрдүү конфликтердин чыгышы болгон.

Өзгөчө, СССРдин Прибалтика, Кавказ жана Борбордук Азия аймактарындагы этностор аралык конфликтерди атоого болот.

Мына ушул жогоруда аталган конфликтүү аймактардын бири болгон Борбордук Азиянын, анын ичинде өзгөчө Фергана өрөөнүндө жайгашкан Кыргызстандын түштүк аймагындагы этносаясий конфликтердин келип чыгышы, жүрүшү жана жыйынтыктары боюнча сөз кыла турган болсок, бул теманын айланасында буга чейин дагы бир топ илимий эмгектер жарык көргөн.

1990 жана 2010-жылдардын июнь айларындагы Кыргызстандын түштүгүндөгү, тагыраак айтканда Ош, Өзгөн жана Жалал-Абад шаарларындагы улуттар аралык конфликтердин келип чыгышынын, жүрүшүнүн жана жыйынтыктарынын окшоштуктары боюнча айрым окумуштуулар ар түрдүү теорияларга, изилдөө методдоруна таянышып илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет.

Бул маселенин айланасында илимий изилдөө иштерин жүргүзгөн окумуштууларды негизинен төмөнкүдөй эки группага болуп кароого болот:

-  Ата-Мекендик изилдөөчүлөр (Кыргызстандык);
-  Чет элдик изилдөөчүлөр (Россиялык, европалык ж.б.).

Ата-Мекендик изилдөөчүлөрдүн өзүн дагы төмөнкүдөй эки группага бөлүп кароого болот:

-  Июнь окуяларынын келип чыгыштарын мыйзам ченемдүү көрүнүш катары караган изилдөөчүлөр;
-  Июнь окуяларынын келип чыгыштарын атайлап ойлоп табылган көрүнүш катары караган изилдөөчүлөр.

1990-2010-жылдардагы Кыргызстандын түштүгүндөгү этносаясий конфликтердин келип чыгышы боюнча түрдүү гипотезалардын болушун мыйзам ченемдүү көрүнүш катары бааласа болот.

Биздин изилдөөлөр боюнча Кыргызстандын түштүгүндөгү этносаясий конфликтердин генезиси бул XX кылымдын 60-жылдарына туура келет.

Бул этносаясий конфликтерди негизинен 3 чоң этапка бөлүп кароого болот.

-  XX кылымдын 60-жылдары;
-  1990-жылдын 4-июнундагы;
-  2010-жылдын 10-июнундагы.

Чындыгында, 2010-жылдын 10-июнундагы Кыргызстандын түштүгүндөгү этносаясий конфликтердин кайталанышы бул 60 жана 90-жылдардагы конфликтер өз убагында чечилбегендиктен, советтик партиялык өкмөттүн кайдыгер мамилесинен жана Кыргызстан эгемендүүлүгүнө ээ болгондон кийинки мезгилден, тагыраак айтканда 1991-жылдан ушул күнгө чейин көп улуттуу өлкөбүздө (100дөн ашуун улут) бирдиктүү бир идеологиянын жоктугу, сепаратисттик күчтөрдүн баш көтөрүшүнө алып келүү менен 2010-жылдын 10-июнундагы этносаясий конфликтин кайрадан чыгышына мүмкүнчүлүк берди.

Баарыбызга маалым болгондой, 2010-жылдын апрель айында Бакиевдик саясий режим кулатылышы менен өлкөдө хаос башталды.

Бийликке келген убактылуу өкмөттүн ишмердүүлүгүнүн чабалдыгынан өлкөдө кайрадан улуттар аралык конфликтерге жол берилип, ал кан төгүүлөр менен аяктады.

Кылымдардан бери канаатташ жашап келген кыргыз жана өзбек элинин ортосундагы пикир келишпестик 2010-жылдын 10-июнунда кайрадан жүз берди. Окуя 2010-жылдын 10-июнунду түнкү саат 23төн 20 минута өткөндө “Алай” мейманканасынын жанындагы “24 саат” оюн жайында эки элдин жаштарынын ортосундагы кезектеги жаңжалдан башталды [1, 359-бет].

Ал жерге өзбек улутундагы 500дөн – 2000ге чейин караламан адамдар топтоло башташкан. Күбөлөрдүн айтымында кагылышууга катышуучулардын арасында кара жип машинасын минген чоочун адамдар да болуп, ок атышкан.

Алар ээ-жаа бербей, “Алай” мейманканасын өрттөп, ОшМУнун жатаканасынын имаратына, жакын турган көп кабаттуу үйлөрдүн, соода түйүндөрүнүн терезелерине, ары-бери өткөн машиналарга таш ыргытып, андагы кыргыз улутундагы жүргүнчүлөрдү ур-тепкиге алышкан.

Ушул эле убакта шаардын ар кайсы тарабында өзбек улутундагы адамдар чогула баштаган. 11-июнга караган түнү саат 00:30да салюттар атылып, 4 мечиттин мунараларынан үн кошмо менен азан айтылган. Бул чакырыктардан кийин шаардын ар кайсы бөлүктөрүндө жана жакын жерлердеги айыл-кыштактарда массалык башаламандыктар башталып кеткен[1, 360-бет].

Бул боюнча окуянын кантип өнүгүп кеткенин өз көзү менен көргөн Ош шаардык милициясынын башчысы Болот Нышанов мындай деген: “10-июнь күнү кечки саат 22:45те мага күзөт бөлүмүнөн телефон чалышып, “Алай” мейманканасынын алдына келишимди сурашты. Мен орун басарларымды алып барсам, ал жерде өзбек улутундагы бир жарым миңдей адамдар топтолуп турушуптур. Абдан агрессивдүү болуп алышыптыр. Мен сүйлөшкөнү барсам, менин кыргыз экенимди билип калып, өзбек жигиттер кол салышты. Бирөө бычагын көтөрүп жүгүрдү. Ошондо орун басарларым “сиз алыс эле туруңуз, өзүбүз сүйлөшөбүз” дешти. Эки-үч саат сүйлөшүүлөр болду. Бирок, өзбектер кепке келбей, кыйкырып-өкүрүп, чабуул жасай беришти. Колдорунда арматура, союл, бычактар бар эле. Биз барганга чейин эле “Алай” мейманканасынын тегерегиндеги имараттарды өрттөп жиберишкен. Биз студенттердин баарын чыгарып кеттик. Ошол түнү болгон окуяга кыргыз жигиттеринин эч кандай тиешеси жок. Алар эртеси күнү угуп алып чыгышты” [2, 71-бет].

Бул жерде, менин жеке пикирим боюнча Ош шаардык милициясы кыргыз жигиттери “Алай” мейманканасынын алдындагы болгон окуя жөнүндө гана көргөнүн айтып, бирок, Ош шаарынын башка аймактарындагы кагылышуулар жөнүндө негедир үн катпайт жана алдын ала мындай окуянын чыгып кетишин билбегендей болгондугу таң калыштуу.

Окуянын чыгышы тууралуу UzNews.net көз карандысыз маалымат кызматына өзбек укук коргоочусу Сурат Икрамов “Кыргызстандын түштүгүндө болуп өткөн окуяга он күн калганда кыргын болоору тууралуу ар кандай сөздөр чыга баштаганын качкындардан уктум. Жалал-Абад тургундарынын айтуусу боюнча чагымчылыкты жергиликтүү кыргыздар баштаган эмес. 25-30 жаш курактагы куралданган адамдар бир нече автобустар атайын келишкен” [2, 71-бет] деп билдирген. Ошондой эле ал К. Бакиевдер жана анын тарапташтары уюштуруп, каржылаган акция катары баа берет.

Мына сиздер жогоруда белгилеп өткөндөй кыргыз милициясы жана өзбек укук коргоочусу дагы 2010-жылдагы июнь окуясынын чыгуусунда бири өзбек элин ачык эле баштады, биз мындай болгонун түнкү саат 22:45те уктум десе, экинчиси 25-30 жаш курагындагы белгисиз адамдар автобустарда куралчан келип (Б.Ж. кыргыздарды айткысы келген) баштаган деген ойду айтышып, экөө тең конфликтин келип чыгуу себептерин билип турушса дагы ага токтолуудан качышат.

Мисалы, 1990-жылдын 4-июнундагы Ош жана Өзгөн окуяларынын башталышы дагы бир топ талаш-тартыштарды жаратып келет.

Ош шаарынын мурдагы мэри М.Ж. Мырзакматов 1990-жылдагы окуянын чыгышын мындайча эскерет: “1990-жылы 4-июнда Ош окуясынын оту тутанганда мен Ош университетинин студенти элем. Анда болгону 21 жаштагы боз улан кезим.

Эсимде, 1990-жылы 2-мартта Жалал-Абад шаарында жашаган согуштун жана эмгектин өзбек улутундагы ардагерлеринин СССР Советинин алдындагы Улуттар Советинин төрагасы Рафик Нышановго (улуту өзбек, Өзбекстан компартиясынын мурдагы биринчи секретары) жана Кыргызстан компартиясынын биринчи секретары Апсамат Масалиевге автономия куруу тууралуу кайрылуусу Оштогу студент жаштардын арасында кескин терс пикирди жараткан. Биз, жаштар, бул кайрылууну: "Кыргыз жерин бөлүп-жарууга багытталган сепаратизм" – деп баалаганбыз" [1, 7-бет].

Ош шаарынын мурдагы мэри М.Ж. Мырзакматов дагы 1990-жылдагы улуттар аралык конфликтин чыгышына бир жактуу гана пикирин билдиргени даана көрүнүп турат.

Ал эми, 1990-жылдагы июнь окуясынын чыгышынын негизги себеби катары СССР Жогору Советинин алдындагы Улуттар Советинин 1990-жылдын 26-сентябрында кабылдаган "Кыргыз ССРинин Ош облусундагы окуялар жөнүндө" деген №1683-1 токтомунда "Ош облусундагы массалык баш аламандык, зөөкүрдүк жана вандализм менен коштолгон, оор кесепеттерге алып келген кайгылуу окуялардын келип чыгышына улуттук кадр саясатындагы кетирилген чоң каталар, калк арасындагы түшүндүрүү, тарбия иштери жүргүзүлбөгөндүгү, ошондой эле экономикалык жана социалдык маселелердин узак убакыт бою чечилбей келиши, социалдык калыстык принциптеринен чегинүүлөр себеп болгон. Ош областынын жана Кыргыз ССРинин жетекчилери мурда болуп өткөн улут аралык тирешүүлөргө маани беришпей, жагдайга баа берүүдө кенебестикке, тоготпостукка жол коюшуп, улутчулдуктун күчөп баратканын далилдеген маалыматтарга кайдыгерлик менен карашып, улут аралык жаңжалды болтурбай коюу максатында чечкиндүү чара көрүшкөн эмес" деген баа берилген эле.

Ал эми, 2010-жылдагы июнь окуясынын чыгуу себебине окуянын келип чыгуусу боюнча түзүлгөн 20дан ашуун комиссия түрдүүчө баа беришкен.

Мисалы, алардын бири Кыргызстандын парламенттик комиссиясы мындайча баа берет: "2010-жылдагы июнь окуясынын келип чыгуусунун негизги себеби, бул, 1990-жылдагы улуттар аралык араздашууга үстүртөн баа берилип калгандыктан, жыйырма жылдан кийин бул окуя кайрадан кайталанды" [1, 8-бет].

Улуттук, Эл аралык жана башка комиссиялардын берген бааларынын айрымдары гана бул пикирге үндөш келсе, эл аралык комиссиянын баасы тап-такыр башка десек болот.

Чындыгында бул окуянын чыгышына обьективдүү баа берүүлөр абдан эле аз. Улуттук, Парламенттик жана кээ бир комиссиялар окуянын чыгышы бул жогоруда белгилеген 1990-жылдагы июнь окуясы менен жана куралдуу жол менен кулатылган Бакиевдик бийлик жана анын тарапташтары, өзбек сепаратистери күнөөлүү дешсе, куралдуу жол менен Бакиевдик бийликти кулатып, бийликке келген ошол кездеги Убактылуу өкмөттүн айрым мүчөлөрүнүн өзбек сепаратистери менен саясий соодаларды кылышынан келип чыккан, Бакиевдердин тиешеси жок [3, 4-бет]. деген ойду айтышат.

Менин жеке пикиримде, 1991-жылы Эгемендүүлүгүбүзгө ээ болгондон ушул күнгө чейин бирдиктүү бир улуттук идеологиянын жоктугу ушундай улуттук конфликтердин кайталанышына жол берип келет десек болот.

Мисалы, мен жөнөкөй эле күнүмдүк турмушка тиешелүү нерселерден айтайын.

Кыргызстанда, кыргыз улутунан кийин эле саны боюнча өзбек улуту турат. Бирок, эгер, мен жаңылбасам кыргыз менен өзбек аралашып тартылган кинолор, клиптер жок. Эки элдин ортосунда формалдуу гана карым-катнашты байкабасаң (базарда, мечитте), үй-бүлөө куруп, аралашып жашашпагандыгынын (өзүнчө өзбек кварталдарынын болушу) өзү эле эки элдин терендеп, чын жүрөктөн карым-катнашта болуп, жуурулушуп кетпегендигинен кабар берет.

Чындыгында, мына ушунун баарына Кыргызстандын бийлик төбөлдөрүнүн жана кыргыз элинин этникалык иденттүүлүгүнүн айрым бир жаман жактарын (башка элди эч качан кыргыздаштырбай, тескерисинче бөлүп, кошпой тургандыгы) күнөөлөсөк болчудай.

Бийлик төбөлдөрү демекчи, 2010-жылдагы июнь окуясында жабыркагандар үчүн курулган көп кабаттуу үйлөргө кыргыз менен өзбекти аралаштырып киргизип, жайгаштыра албагандыгы дагы кыргыз бийлигинин чабалдыгынан, жеткиликтүү, ынанымдуу кылып түшүндүрүү иштерин жүргүзө албагандыгынан кабар берет.

Эки эл, дагы деле болсо эки бөлөк жашап келет. Жогоруда белгилеп өткөндөй, кыргыз менен өзбек базарда жана намазда гана аралашпаса, аралашып жашоолору али күнгө чейин көңүл сыртында калып келет.

Өлкөдөгү мындай кайдыгер саясаттын аягы, кайрадан эки элдин ортосунда кайсы бир күнү төртүнчү ирет кайталбай койбойт деп эч ким кепилдик бере албайт.

Мына ошондуктан, өлкөдөгү улуттук саясатты, этностор аралык мамилелерди өз убагында чечпесек, эртең кеч болуп калышын буга чейинки 1960, 1990 жана 2010-жылдардагы окуялардан сабак алууга болот.

**Колдонулган адабияттар:**

[1]. Мырзакматов М.Ж. Мен издеген чындык. Ош коогасы тууралуу маектер, кайрылуулар, билдируулор, документтер, фактылар. – Бишкек, «Турар», 2011.

[2]. Максутова С. От тутанган онунчу жыл же Убактылуу Өкмөттүн ишмердүүлүгү. – Бишкек, 2013.

[3]. Мырзаканова С. "Особенности мобилизации и проявления насилия в Ошских событиях 2010 года". http://conflict-development.com/forum/oschsuu